И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу педагогика илимдери боюнча уюштурулган **Д 13.23.681 Диссертациялык кеңешинин 2023 - 2025 - жылдагы иши жөнүндө**

## ОТЧЕТУ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу педагогика илимдери боюнча уюштурулган Д 13.23.681 Диссертациялык кеңеш Кыргыз Республикасына караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан 2023-жылдын «7» июлундагы №29 буйругу менен эки жылга бекитилген.

Диссертациялык кеңешке төмөнкү адистиктер боюнча диссертация коргоого кабыл алууга уруксат берилген:

1) 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн.

2) 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн.

Д 13.23.681. Диссертациялык кеңеши 13 курамдан турат.

1. Өткөрүлгөн жыйындардын саны жөнүндө маалыматтар:

Отчеттук мезгилдин ичинде диссертациялык кеңештин 12 жыйыны болуп, анда 6 кандидаттык диссертация 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика), 4 кандидаттык диссертация 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу), 1 докторлук диссертация 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) профили боюнча корголгон.

Бардык отурумдар 22-жылдын 2012-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген №578, ошондой эле Жобонун акыркы редакциялары 30-июль 2014-ж. № 425, 25-февраль 2017-жыл № 125, 8-декабрь 2017-жыл №795, 9-март 2020-жыл № 137 "Диссертациялык кеңеш жөнүндө Жобонун" 6-бөлүмүндө келтирилген талаптарга ылайык өткөрүлдү.

Диссертациялык ишти коргоо менен катар 12 диссертациянын алдын ала коргоосу уюштурулган.

2. Отчеттук жылда жыйындарга Диссертациялык кеңештин 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) профили боюнча мүчөсү Керимбаев Н. себепсиз катышкан жок. Бул

боюнча диссертациялык кенеште талкуу болду, отурумдун чечими Кыргыз Республикасына караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясына жөнөтүлөт. Мындан тышкары жүйөлүү себептерсиз катышпай калган диссертациялык кеңештин мүчөлөрү болгон жок.

3. Д 13.23.681 Диссертациялык кеңешинде корголгон диссертациялык иштин теориялык деңгээлин жогору деп баалоого болот.

Эксперттердин корутундусу боюнча, ошондой эле диссертациялык кеңештин чечими менен диссертациялык иш орто деңгээлден жогору деп бааланды. Эгерде классификациялык белгилер боюнча айтсак, анда диссертацияны изилдөөнүн жыйынтыктары жаңы, диссертациялык иштердин жыйынтыктарынын мааниси жогору.

Диссертацияларды коргоого кабыл алууда изилдөө темасынын актуалдуулугуна, анын жаңылыгынын даражасына көңүл бурулду. Илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды кабыл алуунун милдеттүү шарты болуп «Scopus» же «Web of Science», РИНЦ импакт-фактор системалары менен индекстелген, УАК КР сунуш кылган мезгилдүү илимий журналдарда макалалардын жетиштүү санда жарыяланышына көңүл бурулду.

3.1. 1. **Орозбаева Айнура Абдазовнанын:** "Информатиканы окутууда педагогикалык колледждин студенттеринин санариптик сабаттуулуктарын калыптандыруунун технологиясы" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси - п.и.д.,проф. Калдыбаев Салидин Кадыркулович.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы. Педагогикалык колледждин студенттеринин санариптик сабаттуулуктарын калыптандыруунун зарылдыгы, илимий өбөлгөлөрү, милдеттери аныкталды, системаланды жана негизделди. Педагогикалык колледждин студенттеринде калыптануучу санариптик сабаттуулуктун структурасы жана мазмуну илимий негизделди. Санариптик сабаттуулукту калыптандыруунун технологиясы түзүлүп, аны ишке ашыруунун жолдору иштелип чыкты. Санариптик сабаттуулуктун калыптаныш деңгээли, көрсөткүчтөрү иштелип чыкты.

Изилдөөнүн практикалык мааниси. Изилдөөдө алынган теориялык жоболор, методикалык сунуштар колледжде информатиканы окутуучулардын иш практикасында, жогорку окуу жайларында мугалимдерди даярдоодо жана мугалимдердин кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу курстарында колдонулушу мүмкүн.

2. **Сагындыкова Кенже Жаныбековнанын:** "Агрардык адистеги студенттерге математика курсун окутууда компьютердик технологияны колдонуунун илимий методикалык негиздери" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы

(математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий кеңешчиси: п.и.д., профессор Торогельдиева Конуржан Макишевна.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:

- агрардык адистиктеги студенттерге математика курсун окутуунун учурдагы абалы аныкталып, окуу процессин кесипке багыттап, компьютердик технологияларды колдонуу аркылуу уюштуруу зарылдыгы теориялык жактан негизделди;
- агрардык адистиктеги студенттер үчүн «Математика» курсунун мазмунун өздөштүрүүдө компьютердик технологиялардын колдонуу зарылчылыгы негизделди;
- математика курсун компьютердик технологияларды колдонуп, кесипке багыттап окутуунун методикалык шарттары жана аны окуу процессинде ишке ашыруунун технологиясы иштелип чыкты;
- кесиптик багытты, анын ичинде электрондук түрдө теориялык жана методикалык камсыздоону эске алуу менен компьютердик окуу материалдарынын комплекси жана аны камсыз кылуучу практикалык сунуштар иштелип чыкты.

Изилдөөнүн практикалык мааниси: Агрономия багытындагы студенттер үчүн «Математика» курсун компьютердик технологияларды окутуунун методикасы окуу процессине практикалык түрдө киргизилди; анын ичинде окуу пландары, окуу-методикалык каражаттары, компьютердик окуу материалдарынын; практикалык иштер системасы, электрондук формадагы модулдук суроолордун жана тапшырмалардын комплексин камтыган электрондук билим берүү веб-сайт иштелип чыкты. «Математика» курсун компьютердик технологияны колдонуу аркылуу окутуунун сунуш кылынган кесипке-багытталган методикасы агрардык багыттагы башка адистиктердин студенттерине жана аралыктан окутууда колдонууга сунушталды, изилдөөнүн жыйынтыктарын, илимий жоболорун окутуучулар жана илим изилдөөчүлөр пайдаланса болот.

3. **Садиева Манаркан Эсенкуловнанын:** “Турмуштук кырдаалдарга байланышкан тапшырмаларды аткаруунун негизинде окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү (9-класстын алгебра предметинин мисалында)” деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси - п.и.д.,проф. Калдыбаев Салидин Кадыркулович.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

- окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн илимий зарылчылыктары жана факторлору аныкталды;
- турмуштук кырдаалдарга байланышкан тапшырмаларды колдонуу аркылуу окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн методикасы иштелип чыкты;

- турмуштук кырдаалдарга байланышкан математикалык тапшырмаларды түзүүгө карата талаптар аныкталды;
- турмуштук кырдаалдарга байланышкан маселелерди колдонуу аркылуу окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүнүн калыптанышынын критерийлери, деңгээлдери иштелип чыкты.

Изилдөөнүн практикалык мааниси. Окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталган математикалык эсептерди окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүктөрүнүн каражаты жана окуу предметинин модулдук курамы катары кароого болот. Турмуштук кырдаалдарга байланышкан тапшырмаларды колдонуу аркылуу окуучулардын математикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн методикасын, диссертацияда алынган натыйжаларды мугалимдердин кесиптик квалификацияларын жогорулатуу курстарында колдонууга болот.

4. **Джумагулов Эльдар Куванчиевичтин**: “Формирование икт – компетенции у будущих врачей в обучении информатике (на примере медицинских вузов кыргызской республики)” деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси - п.и.д.,проф. Калдыбаев Салидин Кадыркулович.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:

- Медициналык ЖОЖдордун студенттеринин МКТ-компетенттүүлүгүнүн өбөлгөлөрү, түзүмү жана мазмуну аныкталды;
- Келечектеги медициналык кызматкерлердин МКТ-компетенттүүлүгүнүн моделин түзүүнү шарттаган принциптер, шарттар, ыкмалар, методдор ачыкталды;
- Медициналык студенттердин *программалар жана санариптик каражаттар менен иштөө көндүмдөрү, медициналык маалымат системалары менен иштөө көндүмдөрү, медицина чөйрөсүндөгү маалыматтык сабаттуулук, медицина чөйрөсүндөгү коммуникация көндүмдөрү, медицина чөйрөсүндөгү коопсуздук жана купуялуулук* компоненттерин камтыган МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруунун модели иштелип чыкты.
- Келечектеги врачтардын МКТ-компетенттүүлүккө даярдыгынын критерийлери, көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери иштелип чыкты.

Алынган натыйжалардын практикалык мааниси медициналык студенттердин МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча сунушталып жаткан модель алардын кесиптик ишмердигинин натыйжалуулугун жогорулатууга шарт түзгөндүгүндө жана МКТ-компетенттүүлүгүн калыптандыруу методикасы негизделгендигинде; негизги теориялык жана практикалык сунуш-көрсөтмөлөр окуу программаларын, окуу жана окуу-методикалык пособиелерди түзүүдө

колдонулушу мүмкүн; изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар окуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

5. **Ажибекова Айзада Токтогуловнанын:** "Математика курсу боюнча окуу методикалык комплекстерди түзүүнүн жана аны колдонуунун методикасы (9-класстын алгебрасынын мисалында)" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий кеңешчиси: п.и.д., профессор Торогельдиева Конуржан Макишевна.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.

1. Проблема боюнча психологиялык-педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарды талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуу-методикалык комплекстерди түзүүнүн жана колдонуунун теориялык жана практикалык мааниси аныкталып берилди;
2. 9-класстын алгебрасын дифференцирлеп жана практикалык маселелерди колдонуп окутууга багытталган окуу-методикалык комплекси түзүлдү;
3. 9-класстын алгебрасынын түзүлгөн окуу методикалык комплексин окуу процессинде колдонуунун методикасы иштелип чыкты;
4. Иштелип чыккан окуу-методикалык комплексти окуу процессинде колдонуунун натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилип, жалпыланып, практикалык сунуштар көрсөтүлдү.

Алынган натыйжалардын практикалык мааниси. 9-класстын алгебра курсу боюнча түзүлгөн окуу-методикалык комплексин (окуу куралы, методикалык колдонмолор, сабактын иштелмелери, жумушчу дептерлер ж.б.) орто мектептердеги математика мугалимдери, болочок математика мугалимдерин даярдоочу окуу жайларда жана билимдерин өркүндөтүүчү курстарда колдонсо болот. Бул окуу-методикалык комплекс математика мугалимдерине кошумча материал катары жардам көрсөтө алат жана окуучулардын билим сапатын жогорулатууга жардам берет.

6. **Ашыров Эркинбек Тынымсеитовичтин:** «Оценивание качества знаний будущих учителей математики в изучении курса «Математический анализ»» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси - п.и.д.,проф. Калдыбаев Салидин Кадыркулович.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы төмөнкүдө камтылган:

- «Математикалык анализ» курсун окуп-үйрөнүүдө болочок математика мугалимдеринин билимдеринин сапаттарынын ортосундагы байланышты билимдеринин сапаттарынын деңгээлине жараша аныктоодо;

- «Математикалык анализ» курсунун мазмунунун мисалында билимдердин сапатынын көрсөткүчтөрүн баалоо процессинде баалоонун заманбап усулдарын колдонуунун майнаптуулугун педагогикалык эксперименттин жардамы менен аныктоодо;
- “Математикалык анализ” курсун окуп-үйрөнүүдө болочок математика мугалимдеринин билимдеринин интеграцияланган сапатын баалоо үчүн педагогикалык тесттик тапшырмаларды тутумдаштырууда.

Изилдөөнүн практикалык мааниси «Математикалык анализ» курсун окуп-үйрөнүүдө болочок математика мугалимдеринин билимдеринин сапатын баалоонун заманбап усулдарын колдонууда, келечектеги адистерди даярдоонун майнаптуулугунун деңгээлин жогорулатууда жана студенттердин билимдеринин сапатын баалоо процессин өркүндөтүүдө турат.

7. **Кабылова Света Амантуровнанын:** “Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясы” деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси - п.и.д.,проф. Калдыбаев Салидин Кадыркулович.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы. «Студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрү» түшүнүгүнүн изилдениш абалы, калыптандыруунун зарылдыгы аныкталды; студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүнүн мазмуну менен структурасы такталды; информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясы түзүлдү, аны ишке ашыруунун жолдору негизделди; студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптанышынын критерийлери, көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери иштелип чыкты.

Изилдөөнүн практикалык мааниси. Изилдөөдө алынган теориялык жоболор, методикалык сунуштар жогорку окуу жайларда кесиптик курстарды окутууда, мугалимдердин кесиптик чеберчиликтерин жогорулатуу курстарында жана бул темага байланыштуу илимий изилдөөлөрдү улантууда пайдаланышы мүмкүн.

8. **Кожомбердиева Назгуль Бакировнанын**: «Развитие компетентности у студентов при формировании математического мышления» 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси п.и.д., профессор Син Елисей Елисеевич.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

– студенттин компетенттүүлүгүн калыптандыруучу дисциплина катары математика курсун окутууда математикалык ой жүгүртүүнүн орду, теориялык жана практикалык мааниси аныкталды;

– гуманитардык адистиктердин студенттеринин компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү ЖОЖдо математикалык ой жүгүртүүнү калыптандыруунун негизги шарттары аныкталды;

– гуманитардык адистиктин студенттеринин математикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууда компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн модели иштелип чыкты, ал анын структуралык түзүүчүлөрүн: компетенттүүлүктү калыптандыруунун максатын, шарттарын жана негизги этаптарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берди;

– иштелип чыккан моделдин жана методиканын натыйжалуулугу жана максатка ылайыктуулугу аныкталды, алар педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө текшерилип жана натыйжалары теориялык жана практикалык жактан тастыкталды.

Изилдөөнүн практикалык мааниси:

– алынган илимий – методикалык жыйынтыктар жана изилдөөлөрдүн жыйынтыктары ЖОЖдордун окутуучулары тарабынан окуу – методикалык комплекстерди, математика боюнча окуу программаларын, силлабустарды жана окутуу каражаттарын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн;

– билим берүү процессин уюштуруунун иштелип чыккан методикасын мугалимдер тарабынан математикалык ой жүгүртүү аркылуу кесиптик компетенттүүлүктү өнүктүрүү үчүн колдоно алышат;

– сабактарды өткөрүүнүн иштелип чыккан варианттарын жана методдорун ЖОЖдордун окутуучулары тарабынан башка табигый – илимий дисциплиналарын окуп жатканда колдонулушу мүмкүн.

9. **Мусаев Бакытбек Малаевичтин:** «Маалыматтык технологиялардын жардамы менен студенттерди кесипке багыттап окутуу (Башкаруудагы МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР КУРСУН окутуунун мисалында)» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси - п.и.д.,проф. Калдыбаев Салидин Кадыркулович.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

– “Башкаруудагы маалыматтык технологиялар” курсун кесипке багыттап окутуунун илимий мамилелери иштелип чыкты жана илимий методдор такталды;

– “Башкаруудагы маалыматтык технологиялар” курсун кесипке багыттап окутуунун технологиясы иштелип чыкты;

– студенттердин аракетинин ориентирлөөчү негизинин калыптангандыгынын критерийлери иштелип чыкты.

Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси:

- жогорку окуу жайында “Башкаруудагы маалыматтык технологиялар” курсунун окутулушунда компьютердик чөйрөдөгү бизнес-пландоонун мисалында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоочу окуу-методикалык комплекси иштелип чыгып, колдонууга берилген;

- студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо каражаты катары “Башкаруудагы маалыматтык технологиялар” курсунда маалыматтык технологияларды колдонуунун натыйжалуулугу эксперимент түрүндө такталган.

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана корутундулары жогорку окуу жайларында студенттерди кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо тажрыйбасында, маалыматтык технологиялардын каражаттары аркылуу бизнес-пландоонун милдеттерин чечүү процессинде адистердин квалификациясын жогорулатуучу жана кайра даярдоо курстарынын тажрыйбасында да колдонууга болот.

10. **Ойчуева Роза Ракманбердиевнанын:** «Колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутуунун дидактикалык негиздери» деген темада 13.00.02 – 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси - п.и.д.,проф. Алиев Шаршеналы Алиевич.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

1. ЖОЖдордо жалпы математика курсунун мазмуну талданып, анын инженердик кесипке багыттап окутуу багытына шайкеш келбей жаткандыгы илимий жактан негизделди.

2. Болочок инженердик кесипке ылайыкталган окуу материалдарын тандап алуу принцибинин негизинде, колдонмо математика курсу менен кесиптик техникалык дисциплиналарды байланыштырган жаңы мазмуну даярдалды.

3. Математика же “Колдонмо математика” курсунун лекциялык, практикалык сабактарында студенттердин техникалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн, компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталган окуу - изилдөөчүлүк, методикалык сунуштар белгиленди жана математиканы кесипке багыттап окутуу технологиясына ылайык математикалык компетенцияны калыптандыруунун принциптери негизделди.

4. Иштелип чыккан методиканын натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилди жана илимий жактан тастыкталды.

Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү. Математика курсунун кесипке багытталган мазмуну болочок инженерлердин кесиптик компетенциясын калыптандырууга толук өбөлгө

түзөт. Студенттер үчүн изилдөө учурунда даярдалган окуу – методикалык каражаттар, сунуштар математика курсун окуп жатканда студенттердин кесиптик билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырууга шарт түзөт. Колдонмо математика деген аталыштагы курсту кесипке багыттап окутуунун дидактикалык материалдарын, каражаттарын, аларды колдонуунун методдорун, даярдалган иштелмелерди техникалык окуу жайларында кеңири колдонууга болот.

11. **Ибраев Алмазбек Дүйшөковичтин:** «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Илимий жетекчиси - п.и.д.,проф. Калдыбаев Салидин Кадыркулович.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.

1. Дистанттык билим берүүнүн пайда болу тарыхы жана проблемалары изилденди. IT технологиялардын дистанттык билим берүүдөгү ролу, орду белгиленип илимий өбөлгөлөрү аныкталды.
2. Дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык элементтерин камтыган концептуалдык негиздер аныкталды, окутуу жана тарбиялоо процесстерин регламентөөчү принциптери иштелип чыкты.
3. Дистанттык билим берүүнүн структурасы менен мазмуну аныкталып берилди. Ошону менен бирге дистанттык билим берүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып илимий жактан негизделди.
4. Жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн негизинде дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы иштелип чыкты жана анын ар бир компонетине мүнөздөмө берилди.
5. Дистанттык билим берүүнүн прикладдык аспектилери изилденип практикалык сунуштар берилди.

Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси. Изилдөөдө алынган натыйжаларды дистанттык билим берүүнү ишке ашырууда, илимий-теориялык жана прктикалык негиздерин аныктоодо пайдаланса болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү жөнгө салууга, аралыктан окутуунун теориялык жана методикалык мазмунун байытууга, практикалык маселелерди чечүүгө мүмкүндүк түзөт. Изилдөөдө алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды дистанттык билим берүүнү уюштуруу жана ишке ашыруу практикасында колдонууга болот.

Алынган жыйынтыктардын экономикалык мааниси. Дистанттык билим берүү экономикалык жактан эффективдүү жана ийкемдүү болгондугуна байланыштуу барган сайын популярдуу болуп баратат. Бул инфраструктурага, транспортко, турак-жайга жана басма

материалдарга кеткен чыгымдарды кыскартууга мүмкүндүк берет. Билим берүү ресурстарынын масштабдуулугу жана кайра колдонулушу билим алууну адамдардын кеңири чөйрөсү үчүн жеткиликтүү кылат. Ошол эле учурда окуу процесстерин автоматташтыруу мугалимдердин эмгек чыгымдарын азайтат жана окуу процессин башкарууну оптималдаштырат. Жалпысынан, дистанттык билим берүү ресурстарды оптималдаштырууга жана сапаттуу билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга жардам берген келечектүү модель болуп саналат.

4. Илимдин докторунун окумуштуулук даражасын изденүүгө каралган диссертациялар жөнүндө маалыматтар:

| Иштердин мүнөздөмөсү | Адистиктин шифры | | Адистиктин шифры | | Адистиктин шифры | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Илимдин тармагы 13.00.02 | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| Изденүүчүнүн арызы боюнча кароодон алынып салынган иштер | - | - | - | - | - | - |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча оң чечим менен, анын ичинде башка уюмдардан | - | - | - | - | - | - |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча терс чечим менен, анын ичинде башка уюмдардан | - | - | - | - | - | - |
| | - | - | - | - | - | - |
| Кошумча корутундулар берилген | - | - | - | - | - | - |
| 2025-жылдын 1- сентябрына карата кароодо турат | 1 диссертация (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) | - | - | - | - | - |

1. Илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө каралган диссертациялар жөнүндө маалыматтар

| Иштердин мүнөздөмөсү | Адистиктин шифры | | Адистиктин шифры | | Адистиктин шифры | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 |
| Изденүүчүнүн арызы боюнча кароодон алынып салынган иштер | - | - | - | - | - | - |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча оң чечим менен, анын ичинде башка уюмдардан | 3 диссертация (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) 4 диссертация (математика) - | 13.00.02 | - | - | - | - |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча терс чечим менен, анын ичинде башка уюмдардан | - | - | - | - | - | - |
| | - | - | - | - | - | - |
| Кошумча корутундулар берилген | - | - | - | - | - | - |
| 2025-жылдын 1- сентябрына карата кароодо турат | 1 диссертация (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) 2 диссертация (математика) | 13.00.02 | | | | |

6. Адистиктердин кошулушунда аткарылган диссертациялар жөнүндө маалыматтар

| Диссертациянын түрү (докторлук, кандидаттык) | Адистиктин шифры | Адистиктин шифры | Илимдин тармагы |
|---|---|---|---|
| Докторлук | 13.00.02 | 13.00.02 | |
| Кандидаттык | 13.00.02 | 13.00.02 | |

Каралып жаткан диссертациянын ичинен 1 кандидаттык иш алдын ала коргоодон өткөн (математика боюнча).

Эксперттердин кароосунда 3 диссертациялык иш бар (2 математика, 1 информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу).

Диссертациялык кеңештин
төрагасы, п.и.д., профессор: Алиев Ш.А.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
п.и.к., доцент: Казиева Г.К.

01.07.2025

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**ТИРКЕМЕ 2**

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу педагогика илимдери боюнча уюштурулган **Д 13.23.681** Диссертациялык кеңештин 2023-2025-жылдагы оппонентери тууралуу маалымат

| **Оппоненттер тууралуу маалымат** | | | | | | | **Окумуштуулук даражага изденүүчү жөнүндө маалымат** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **№** | **Эксперттин аты жөнү** | **Жарандыгы** | **Адис. шифр** | **Окум. даража-сы** | **Окум. наам** | **ДК шифры** | **№** | **Бекитилген күнү** | **Изденүүчүнүн аты жөнү** | **Адис. шифры** | **Окум. даражасы** | **КР УАКтын чечими (бекитүү/ кайтаруу)** |
| 1 | Торогельдиева Конуржан Макишевна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 25.10.2023 | Зикирова Гулайым Абдылдаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.д. | Бекитилген эмес |
| 2 | Смагулов Есенгали Жексембаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 25.10.2023 | Зикирова Гулайым Абдылдаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.д. | Бекитилген эмес |
| 3 | Мубараков Акан Мукашевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 3 | 25.10.2023 | Зикирова Гулайым Абдылдаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.д. | Бекитилген эмес |
| 4 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | КР | 13.00.02 (математика) | ф.-м.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 25.10.2023 | Орозбаева Айнура Абдазовна | 13.00.02 (информатика.) | п.и.к. | бекитилген |
| 5 | Бостанов Бектас Ганиевич | КЗ | 13.00.02 (информатика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 2 | 25.10.2023 | Орозбаева Айнура Абдазовна | 13.00.02 (информатика.) | п.и.к. | бекитилген |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (матема тика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 28.02.2024 | Сагындыкова Кенже Жаныбековна | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 7 | Кайдиева Назира Капарбековна | КР | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 2 | 28.02.2024 | Сагындыкова Кенже Жаныбековна | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 8 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (матема тика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 05.04.2024 | Садиева Манаркан Эсенкуловна | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 9 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | КР | 13.00.02 (по трудам) | ф.-м.и.д | доцент | Д13.23.681 | 2 | 05.04.2024 | Садиева Манаркан Эсенкуловна | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 10 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (матема тика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 24.06.2024 | Джумагулов Эльдар Куванчиевич | 13.00.02 (информа тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 11 | Басина Ольга Николаевна | КР | 13.00.02 (информа тика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 1 | 24.06.2024 | Джумагулов Эльдар Куванчиевич | 13.00.02 (информа тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 12 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (матема тика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 24.06.2024 | Ажибекова Айзада Токтогуловна | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 13 | Исраилова Гулмира Туткучовна | КР | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 2 | 24.06.2024 | Ажибекова Айзада Токтогуловна | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 14 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (матема тика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 28.06.2024 | Ашыров Эркинбек Тынымсеитович | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к. | бекитилген |
| 15 | Мунапысова Гульнара Ташматовна | КР | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 2 | 28.06.2024 | Ашыров Эркинбек Тынымсеитович | 13.00.02 (матема тика) | п.и.к. | бекитилген |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 16 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | КР | 13.00.02 (по трудам) | ф.-м.и.д | доцент | Д13.23.681 | 1 | 14.11.2024 | Кабылова Света Амантуровна | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 17 | Бостанов Бектас Ганиевич | КЗ | 13.00.02 (информатика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 2 | 14.11.2024 | Кабылова Света Амантуровна | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 18 | Торогельдиева Конуржан Макишевна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 27.02.2025 | Кожомбердиева Назгуль Бакировна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 19 | Мадраимов Сапарбек Мадраимович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 2 | 27.02.2025 | Кожомбердиева Назгуль Бакировна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 20 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 11.03.2025 | Мусаев Бакытбек Малаевич | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 21 | Бостанов Бектас Ганиевич | КЗ | 13.00.02 (информатика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 2 | 11.03.2025 | Мусаев Бакытбек Малаевич | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 22 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 11.03.2025 | Ойчуева Роза Ракманбердиевна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 23 | Джапарова Салтанат Нургожоевна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 2 | 11.03.2025 | Ойчуева Роза Ракманбердиевна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 24 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 30.05.2025 | Ибраев Алмазбек Дүйшөкович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |
| 25 | Мухамбетжанова Сауле Талапеденовна | КЗ | 13.00.02 (информатика) | п.и.д | доцент | Д13.23.681 | 2 | 30.05.2025 | Ибраев Алмазбек Дүйшөкович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 26 | Курманбек уулу Талантбек | КР | 13.00.02 (информатика) | т.и.д | доцент | Д13.23.681 |

И.Арабаев ат. КМУ жана ОшМУга караштуу
Д 13.23.681 диссертациялык кеңештин төрагасы
п.и.д.. профессор

И.Арабаев ат. КМУ жана ОшМУга караштуу
Д 13.23.681 диссертациялык кеңештин катчысы
п.и.к.. доцент

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | 30.05.2025 | Ибраев Алмазбек Дүйшөкович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |

Алиев Ш.А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Казиева Г.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

01.07.2025 ж.

ТИРКЕМЕ 3

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу педагогика илимдери боюнча уюштурулган Д 13.23.681 Диссертациялык кеңештин 2023-2025-жылдагы эксперттери тууралуу маалымат

| **Эксперттер тууралуу маалымат** | | | | | | | **Окумуштуулук даражага изденүүчү жөнүндө маалымат** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **№** | **Эксперттин аты жөнү** | **Жараны гы** | **адис. шифр** | **Окум. даражасы** | **Окум. наам** | **ДК шифры** | **№** | **Бекитилген күнү** | **Изденүүчүнүн аты жөнү** | **Адис. шифры** | **Окум. даражасы** | **КР УАКтын чечими (бекитүү/ кайтаруу)** |
| 1 | Торогельдиева Конуржан Макишевна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | профессор | Д13.23.681 | 1 | 21.09.2023 | Зикирова Гулайым Абдылдаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.д. | бекитилген эмес |
| 2 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | профессор | Д13.23.681 | 2 | 21.09.2023 | Зикирова Гулайым Абдылдаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.д. | бекитилген эмес |
| 3 | Келдибекова Аида Осконовна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | профессор | Д13.23.681 | 3 | 21.09.2023 | Зикирова Гулайым Абдылдаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.д. | бекитилген эмес |
| 4 | Орускулов Тимур Раевич | КР | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | профессор | Д13.23.681 | 1 | 21.09.2023 | Орозбаева Айнура Абдазовна | 13.00.02 (информатика.) | п.и.к. | бекитилген |
| 5 | Керимбаев Нурасыл Нурымулы | КЗ | 13.00.02 (информатика) | п.и.д | профессор | Д13.23.681 | 2 | 21.09.2023 | Орозбаева Айнура Абдазовна | 13.00.02 (информатика.) | п.и.к. | бекитилген |
| 6 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | КР | 13.00.02 (математика) | ф.-м.и.д | профессор | Д13.23.681 | 3 | 21.09.2023 | Орозбаева Айнура Абдазовна | 13.00.02 (информатика.) | п.и.к. | бекитилген |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | профессор | Д13.23.681 | 1 | 20.12.2023 | Сагындыкова Кенже Жаныбековна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 8 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | профессор | Д13.23.681 | 2 | 20.12.2023 | Сагындыкова Кенже Жаныбековна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 9 | Нуржанова Сабира Акматбековна | КР | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | доцент | Д13.23.681 | 3 | 20.12.2023 | Сагындыкова Кенже Жаныбековна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 10 | Торогельдиева Конуржан Макишевна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | профессор | Д13.23.681 | 1 | 20.12.2023 | Бакманова Айгул Эсенкуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 11 | Келдибекова Аида Осконовна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | профессор | Д13.23.681 | 2 | 20.12.2023 | Бакманова Айгул Эсенкуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 12 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | доцент | Д13.23.681 | 3 | 20.12.2023 | Бакманова Айгул Эсенкуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 13 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 16.01.2024 | Садиева Манаркан Эсенкуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 14 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 16.01.2024 | Садиева Манаркан Эсенкуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 15 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | доцент | Д13.23.681 | 3 | 16.01.2024 | Садиева Манаркан Эсенкуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 16 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 28.02.2024 | Ажибекова Айзада Токтогуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 17 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 28.02.2024 | Ажибекова Айзада Токтогуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 18 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 3 | 28.02.2024 | Ажибекова Айзада Токтогуловна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 19 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 28.02.2024 | Ашыров Эркинбек Тынымсеитович | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 20 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 28.02.2024 | Ашыров Эркинбек Тынымсеитович | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 21 | Келдибекова Аида Осконовна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 3 | 28.02.2024 | Ашыров Эркинбек Тынымсеитович | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 22 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | КР | 13.00.02 (по трудам) | ф.-м.и.д | доцент | Д13.23.681 | 1 | 05.04.2024 | Кабылова Света Амантуровна | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 23 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 05.04.2024 | Кабылова Света Амантуровна | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 24 | Орускулов Тимур Раевич | КР | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | доцент | Д13.23.681 | 3 | 05.04.2024 | Кабылова Света Амантуровна | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 25 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 05.04.2024 | Джумагулов Эльдар Куванчиевич | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 26 | Керимбаев Нурасыл | КЗ | 13.00.02 (инфор | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 05.04.2024 | Джумагулов Эльдар Куванчиевич | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Нурымулы | | матика) | | | | | | | | | |
| 27 | Нуржанова Сабира Акматбековна | КР | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | доцент | Д13.23.681 | 3 | 05.04.2024 | Джумагулов Эльдар Куванчиевич | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 28 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 28.06.2024 | Кожомбердиева Назгуль Бакировна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 29 | Торогельдиева Конуржан Макишевна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 28.06.2024 | Кожомбердиева Назгуль Бакировна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 30 | Келдибекова Аида Осконовна | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | доцент | Д13.23.681 | 3 | 28.06.2024 | Кожомбердиева Назгуль Бакировна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 31 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 11.10.2024 | Ойчуева Роза Ракманбердиевна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 32 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 11.10.2024 | Ойчуева Роза Ракманбердиевна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 33 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | доцент | Д13.23.681 | 3 | 11.10.2024 | Ойчуева Роза Ракманбердиевна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 34 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 14.11.2024 | Мусаев Бакытбек Малаевич | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 35 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | КР | 13.00.02 (по трудам) | ф.-м.и.д | доцент | Д13.23.681 | 2 | 14.11.2024 | Мусаев Бакытбек Малаевич | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 36 | Нуржанова Сабира Акматбековна | КР | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | доцент | Д13.23.681 | 3 | 14.11.2024 | Мусаев Бакытбек Малаевич | 13.00.02 (информатика) | п.и.к. | бекитилген |
| 37 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 27.12.2024 | Атабаев Султанмахмут Конурбаевич | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 38 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 27.12.2024 | Атабаев Султанмахмут Конурбаевич | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 39 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 3 | 27.12.2024 | Атабаев Султанмахмут Конурбаевич | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 40 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 11.03.2025 | Ибраев Алмазбек Дүйшөкович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |
| 41 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | КР | 13.00.02 (по трудам) | ф.-м.и.д | доцент | Д13.23.681 | 2 | 11.03.2025 | Ибраев Алмазбек Дүйшөкович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |
| 42 | Абдиев Кали Сеильбекович | КЗ | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | доцент | Д13.23.681 | 3 | 11.03.2025 | Ибраев Алмазбек Дүйшөкович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |
| 43 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 30.05.2025 | Ажиматова Элмира Жумабаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 44 | Акматкулов Асылбек Акматкулович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 30.05.2025 | Ажиматова Элмира Жумабаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |
| 45 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.к | доцент | Д13.23.681 | 3 | 30.05.2025 | Ажиматова Элмира Жумабаевна | 13.00.02 (математика) | п.и.к. | бекитилген |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 46 | Син Елисей Елисеевич | КР | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 1 | 30.05.2025 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |
| 47 | Сыдыхов Бахыт Дикамбаевич | КЗ | 13.00.02 (математика) | п.и.д | проф. | Д13.23.681 | 2 | 30.05.2025 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |
| 48 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | КР | 13.00.02 (по трудам) | ф.-м.и.д | доцент | Д13.23.681 | 1 | 30.05.2025 | Касымалиев Муратбек Усонакунович | 13.00.02 (информатика) | п.и.д. | бекитилген |

И.Арабаев ат. КМУ жана ОшМУга караштуу
Д 13.23.681 диссертациялык кеңештин төрагасы
п.и.д., профессор — Алиев Ш.А.

И.Арабаев ат. КМУ жана ОшМУга караштуу
Д 13.23.681 диссертациялык кеңештин катчысы
п.и.к., доцент — Казиева Г.К.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
ОК:

01.07.2025 г.